**Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин алдындагы Туризм департаментинин жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ортосундагы туризм тармагында кызматташуу жөнүндө Меморандуму**

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрилигинин алдындагы Туризм департаменти жана Кыргыз-Түрк «Манас» университети, мындан ары «Тараптар», Кыргыз Республикасынын туризмин өнүктүрүүдө жана алдыга жылдырууда кызматташтыкты өнүктүрүүгө умтулуп, эки тарапка тең пайдалуу негизде туризм тармагында узак мөөнөттүү жана тыгыз мамилелерди түзүү ниетин эске алып, төмөнкүлөр жөнүндө макулдашышты:

**1 Берене**

Тараптар Кыргыз Республикасынын туризминин өнүгүшүнө жана Кыргыз Республикасынын туристтик потенциалын өлкө ичинде жана ошондой эле чет өлкөлөрдө алдыга жылдырууга өзгөчө көңүл бурушат.

**2 Берене**

Тараптар Кыргыз Республикасындагы туризмдин өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүнү көздөшөт жана тийиштүү компетенттүү органдардын, уюмдардын, туроператорлордун жана турагентстволордун ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө өз салымын кошууга умтулушат.

**3 Берене**

Тараптар Кыргыз Республикасынын туристтик программаларын жана долбоорлорун биргеликте иш жүзүнө ашырууга аракет кылышат.

**4 Берене**

Тараптар өздөрүнүн туристтик инвестициялык мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө бири бирине маалымат берип турушат.

**5 Берене**

Тараптар туризм боюнча көргөзмөлөрдү жана башка туризм тармагындагы кызматташуу боюнча иш-чараларды Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө уюштурууга көмөк көрсөтүп турушат.

**6 Берене**

Бул макулдашуу кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана 1-жылдык мөөнөткө түзүлөт. Анын күчү Тараптардын бири бул макулдашуунун иштөө мөөнөтүнүн бүтүшүнө чейин 1 ай мурун кат жүзүндө макулдашуунун аракетин токтотуу жөнүндө өзүнүн ниетин кийинки тарапка билдирбесе, ушундай эле мөөнөткө узартылат.

Меморандум Бишкек шаарында «8» апрель 2014 ж. күнү, кыргыз тилинде эки нускада түзүлдү, ар бир нуска бирдей күчкө ээ.

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм Министрлигинин алдындагы Туризм департаменти** | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** |
| **Мүдүр:** | **Ректор:** |
| **М. Чакиев** ____________ | **Себахаттин Балжы** ____________ |